Э. Турганбаев

# ТАГАЙ БИЙ & МУХАММЕД КЫРГЫЗ

Кыргыз эли, улут жана мамлекеттин көз карандысыздыгы үчүн атын ташка тамга баскандай калтырып кеткен чыгаан уулдар тууралуу маалыматтар оозеки тарыхыбызда өтө кеңири жолугат. Кээ биринин аты нечендеген доорду басып өткөн элдик оозеки чыгармаларда сакталып калса, экинчилери менен орто кылымдардан калган жазма адабияттарды которуу аркылуу тааныша баштадык. Анын негизинде тарыхыбыздын айрым актай барактары толукталып, кемчил жерлери улам түзөлүп жатат десек жаңылышпайбыз. Муну менен бирге СССР кулагандан кийин тарыхчы-окумуштуулардын ичинде өз улутун, ал эмес өз уруусун эң байыркы, улуу кылып көрсөтүү, дүйнө элдеринин баары кыргыздардан, анын ичинен белгилүү бир уруудан (албетте авторго тиешелүү) тараган деген жеке көз карашын таңуулоо, башка элдин жетишкендиктерин өз элине таандык кылуу, унутулуп калган деген шылтоо менен жок баатырларды таап чыгуу, тарыхты бурмалоо, фактыларды түздөн-түз фальсификациялоо менен жөнөкөй, карапайым адамдардын (албетте өз уругундагы) өмүрүн курулай даңазалоо, аларды атактуу инсандарга айландыруу күчөп бара жатат[1]. Керектүү материалдарды көбүнчө саясий багытта пайдалануу, автордун жеке кызыкчылыгына каршы келген фактыларды көмүскө калтыруу, өз пикирин колдой турган далилдерди гана жарыялоо көнүмүш адатка айланууда. Эскерте кете турган нерсе, мындай «саясий теорияны» жалгыз кыргыз окумуштуулары эмес, СССР кулагандан кийинки мезгилде постсоветтик республикалардын көпчүлүк тарыхчылары пайдалана башташты[2]. Илимий изилдөөнүн методологиясы унутулуп, тарыхты жазууда саясатчылардын бийик трибунадан берген багыты жетекчиликке алынат. Айрым тарыхчылар Борбордук Азиянын кеңири территориясын камтыган орто кылымдардагы айрым бир мамлекетти толук бойдон азыркы учурдагы кайсы бир республикага таандык кыла башташты[3]. Өкүнүчтүүсү, маалыматтарды толук камтуу, анализ жасоо, бирин-бирине салыштыруу сыяктуу эрежелерди бузуу менен ишке ашып жаткан көпчүлүк тыянактар илимий коом тарабынан «туура» кабыл алынууда. Мындай мисалдардын бирин XVI к. жазылган Мухаммед Хайдар Дулатинин эмгегиндеги («Тарих-и Рашиди») Мухаммед-кыргыз менен санжыра маалыматтарындагы Тагай бий бир киши деген пикир-тыянактар аркылуу көрүүгө болот[4]. Эгер, көрсөтүлгөн изилдөөлөр эч кынтыксыз, так фактылар аркылуу аныкталса, ал тарыхыбыздын эң жогорку баасына татымак эле. Тилекке каршы, мындай көз караштардын жалаң божомолдор аркылуу бекемделип жатышы бизди өзгөчө тынчсыздандырат.

Эмесе фактыларга кайрылалы. Мухаммед кыргыздын Тагай болушу «мүмкүн» деген божомолду алгач Б. Солтоноевдун эмгегинен жолуктурабыз. Анда; «Ферганада мусулман дини жайылып калгандыктан Тагай мусулман динине кирип, кожо-молдонун

[1] Мокеев А. Кыргызы на Алтае и на Тянь-Шане. Б., 2010. С. 6; Глушенко Е. А. Россия в Средней Азии. Завоевания и преобразования. М., 2010. С. 5.

[2] Мисалга караңыз: Жуасов К. Тарыхка жасалган кыянат же «Түп-тукианнан өзиме шейин» китебиндеги жасалма менен жалгандык. //Орталык Казакстан. 24, 26-февраль, 1-март, 1994; Афанасьев Ю. Н. Мера терпимости в отношении к злу в российском обществе. /Международная научно-богословская конференция «О мирном и непримиримом противостоянии злу в церкви и обществе». 28. 9. 2005; Жогорку окуу жайларындагы «арбак - мударистер». //Жаңы ордо, 21. 2. 2014. № 06, (430). Исаев Т. Наши историки врут или заблуждаются? //МСН. 11. 10. 2005. №117(308).

[3] Абдуллаев Р. Узбеки – дворяне тюркских народов, а сарты – предприниматели Центральной Азии. //http://www.centrasia.ru/newsA.php?st=1319014200.

[4] Жолдошов Р. Тагай бий – тарыхый инсанбы? // Мурас. 1991. №2; Аттокуров С. Тагай бий (Тарыхый очерк). Б., 1994; Осмонов Ө. Ж. Кыргызстан тарыхы. Маалыматнаама. Б., 2003, 44-б.; Ошонуку эле. История Кыргызстана. Б., 2012. С. 178; Мухаммед кыргыз деген ким? /www.azattyk.org/content/article/1224303.html; Сапаралиев Д. «Кыргыз мамлекеттүүлүгүндөгү «хан» жана «манап» титулдарынын орду жөнүндө (XIIк-дан XIXк-дын ортосу мезгили). //Түрк цивилизациясынын дүйнөлүк цивилизациялар ичиндеги орду. II Эл аралык конгрессинин жыйнагы. Б., 2005;Улуттун уулу инсаны - Мухаммед Кыргыз //«Кыргыз Туусу» 2009-ж. 30-январь, 3-6-10-февраль; Истоки кыргызской народной демократии. //www.kenesh.kg/RU/.../18162-Istoki_**kyrgyz**skoj_narodnoj_demokratii.a...ж. б.

таасири менен Мухаметкайдар деп, Тагайга так берген чыгар. Балким Мухаметкайдар Тагай болуу керек» делет[5]. Мухаммед кыргыз тарыхчынын эмгегинде «Мухаметкайдар» болуп өзгөрүшү которуудан кеткен ката болушу мүмкүн, анткени ал эмгек араб алфавити менен жазылган. Бирок бул жерде англис тилине которулган «Тарих-и Рашидинин» толук түрдө алгач 1895-ж. жарыкка чыкканын (The Tarikh-i Rashidi of Mirza Muhammad Haidar Dughlat. A. History of the Moghuls of Central Asia. An English version, ed. with commentary, notes and map by N. Eiias.The translation by E. Denison Ross), андан орус тилинде айрым үзүндүлөрү гана жарыяланганын[6], демек Б. Солтоноев бул эмгектин түп нускасын же толук котормосун окубагандыгын, В. Бартольддон алынган маалыматтар аркылуу чектелгенин кийинки изилдөөчүлөр эске алышы керек болчу. В. Бартольд өз эмгегинде Д. Росстун котормосун жана Петербург университетинде сакталып турган кол жазмадан (№ 272) пайдаланган[7]. Ошол эле учурда В. В. Бартольддун анча маани бербегендигине байланыштуу Тагай бийдин өмүрүнө түздөн-түз тиешелүү маалыматтар камтылган дагы бир кол жазма – Сайф ад-Дин Ахсикентинин «Маджму ат-таварих» («Тарыхтар жыйнагы») деген эмгегин Б. Солтоноев окубагандыгын эскертебиз. Андагы тарыхый-этнографиялык маалыматтарды окуу 1959–60-ж. кийин башталган[8]. Ал кол жазмада хижранын 895-ж. (1489) өлгөн[9] Кожо Ахрар (Насыр-ад-дин Убайдуллах ибн Махмуд Шаши) жана шейх Ахмад Хожаган (Махдуми А'зам) ибн Жалал ад-Дин (949/1542-ж. өлгөн[10]) өмүр баяны, ошондой эле Касан шаарынан (Фергана өрөөнү) чыккан ислам ишмерлери-шейхтердин кыскача тарыхы камтылган[11]. Мындан тышкары Тагай баатыр (бахадур) менен бирге анын 6 уулу – Кулан (Койлон), Гылджыр (Кылжыр), Богостон (Богорстон), Кара Чоро, Саяк, Дөөлөс, алар менен бирге Адине (Адигине), Мунгуш, Кара Багыш сыяктуу кыргыз уруу башчыларынын Сейид Мир Жалилди өзүлөрүнүн устаты катары таанып, анын жолун жолдоого макул болуп, батасын алганы тууралуу маалыматтар кезигет[12]. Сейид Мир Жалил Орто Азиядагы ислам дининин бир бутагы – ышкыййа тарикатын негиздөөчү Жалал ад-Диндин окуусун улаткан уулу болгон. Көрүнүп тургандай 1542-ж. кийин «Тагай бахадурдун» ысымы өзгөрүлбөй жүргөн.

Мырза Мухаммед Хайдардын эмгегинде дагы ислам диний ишмерлерине көбүрөөк көңүл бөлүнгөн. Бирок кыргыздардын, анын ичинен Мухаммед кыргыздын ислам динин кабыл алганы тууралуу эч бир маалымат жок. Тескерисинче, Моголстандагы моголдор Мухаммед хандын (1408–1416) тушунда ислам динин кабыл ала башташканы же «моголдордун баары мусулманга айланганы, кыргыздар болсо мурункудай эле ишенбөөчүлүкккө жеңдирип, ушул себептен моголдордон бөлүнүп кетиши» баса белгиленет[13]. Башкача айтканда «Тарих-и Рашидинин» авторунун чөйрөсүндө кыргыздар жана алардын кол башчысы Мухаммед кыргыздын мусулман деп эсептелбегендиги так көрсөтүлгөн. Дагы бир жерде 1362/1363-ж. дүйнөдөн кайткан Моголстандын биринчи ханы Тоглук-Тимурдун ысымы ислам динин кабыл алышынан кийин өзгөрүлбөй калганын көрөбүз[14]. Мындай мисалдарды Чагатай хан жана анын жакындарынын исламга жасаган терс мамилесине карабай, мусулман динин кабыл алган Мубарек-шах (Чагатайдын небереси) менен Барак хан (Чагатайдын чөбүрөсү) аркылуу көрүүгө болот[15].

---

[5]Солтоноев Б. Кызыл кыргыз тарыхы. 1-т.Б., 1993. 81, 87-б.
[6]Валиханов Ч. Ч. Собр. Соч. в 5-и т. Т. 3. С. 366; Вельяминов-Зернов В. В. Исследование о Касимовских царях и царевичах. Ч. I. Спб., 1863.
[7]Бартольд. В. В. Рецензия на книгу: The Tarikh-i-Rashidi of Mirza Muhammad Haidar (1895). /Соч. Т. VIII. С. 63-74.
[8]Материалы по истории кыргызов и Кыргызстана.С. 224.
[9]Мир Мухаммед Амин-и Бухари. Убайдалла наме. Таш., 1957. С. 161. Комм. 232.
[10]Хафиз-и ТанышБухари. Шараф-наме-йи шахи (Книгашахской славы). М., 1983. С. 91. Комм. 251.
[11]Перевод извлечений из Маджму ат-таварих. /Материалы по истории кыргызов и Кыргызстана.С. 224-226.
[12]Ошол эле жерде.
[13]Мухаммед Хайдар Дулати. Көрсөтүлгөн эмгек. С. 217.
[14]Мухаммед Хайдар Дулати. Көрсөтүлгөн эмгек. С. 30-32.
[15]Караев О. Чагатайский улус. Государство Хайду. Могулистан. Образование кыргызского народа. Б., 1995. С. 39, 46.

Бул жерден изилдөөчүлөр башкалардын ысымы эмне үчүн өзгөрүлбөй, ошол эле учурда Тагай бийдин «Мухаммед кыргыз» деген ысымга ээ болуп калышына жүйөлүү фактылар, так аргументтерге таянуу менен жооп бериши керек эле.

Ошол эле учурда кыргыз санжырасынын дээрлик бардык варианты Тагай бийдин өмүр баянын Эреше (Рашид) ханга байланыштырса[16], Мухаммед кыргыз негизинен Султан Сайид хан менен тыкыс саясий мамиледе жүргөн. Тилекке каршы кыргыздын саясий ишмерлери Мухаммед кыргыз менен Тагай бий тууралуу маалыматтар бизге жеткен башка кол жазмалардын биринде дагы кезикпейт. Бирок, аталган эки эмгекте тең сөз эки башка адам жөнүндө жүрүп жатканы айдан-ачык көрүнүп турат жана көрсөтүлгөн фактылар ислам динин кабыл алышына байланыштуу Тагай бийдин «Мухаммед кыргыз» деген ысымга ээ болушун толук бойдон жокко чыгарат. Жөнөкөй сөз менен айтканда «Мажму ат-Таварихтеги» маалыматтардын жалгандыгын илимий негизде далилдебей же башка кошумча фактыларды таппай туруп, Тагай бий менен Мухаммед кыргызды бир адам деп кароо эч мүмкүн эмес.

Анын үстүнө Б. Солтоноев Тагайдын Эреше (Рашид) ханга ак үйлүү болушун «заложник» деп түшүнгөн[17]. Орус-кыргыз сөздүгүндө болсо «заложник» башы барымтага кеткен киши катары көрсөтүлөт[18]. Айырмасы өтө чоң, анткени «ак үйлүү» менен «заложник» деген түшүнүктүн мааниси бирдей эмес. Түшүнбөгөн котормочулар үчүн кыйынчылык туулат. Башкача айтканда кандайдыр бир келишимдин так, убагында аткарылышын талап кылуу үчүн кимдир бирөөнү «заложник» кылып алууга болот. Мисалы, Молдо Нийаз-Мухаммад Хокандинин эмгегинде («Тарих-и Шахрухи») Кокон бийлеринин бири – Рахим-хандын тун уулу Баба-бектин (XVIII к.) калмактарга «ак үйлүүгө» («ак үйлүк») берилишин орус тилинен которгон котормочу «барымта» деп түшүндүргөн[19]. Бул жерде биринчиден, көчмөндөрдүн кимдир бирөөнү барымтага алуу менен анын туугандары же үй-бүлөсүнөн  кандайдыр бир акы (мал, акча, асыл буюм) талап кылуу эреже-салты эске алынбай калган. Башка бир мисал, 1858-ж. кыргыз урууларынын Россия империясынын карамагындагы Улуу жүз урууларын талап-тоноосун токтотуу үчүн орус аскери Жангарач манаптын бир тууганы Бошкой жана Чолпонбайды (Жангарачтын уулу) заложник катары Верный чебинде кармап турган[20]. Мындай мисалдар көп. Экинчиден, барымтага алуунун негизги себептери оокат-мүлккө карата мамиле, ал эми «ак үйлүү» деген түшүнүк тектүү адамдарга гана тиешелүү экендигин эске алуу зарыл эле. Мисалы, «уруу сайын бирден бий, кан (хан) алдына ак үйлүү, келсин Кокон шаарына»[21]. Мындай ж. б. у. с. мисалдардан «ак үйлүү» деген түшүнүк – хан (бий) болуу укугуна ээ (мураскор), келечекте сөзсүз такка отура турган кайсы бир адамды алдын-ала өз жагына тартуу (союздаш катары тарбиялап) үчүн колдонулган эрежелердин бири экенин далилдейт. Дал ушундай эреже-салттын негизинде ойрот-калмактардан колдоо алган Баба-бек бир аз убакыт Кокондун тагын ээлөөгө жетишет[22]. Көрсөтүлгөн мисалдар Тагай бий менен Баба-бектин статусунун жакындыгына байланыштуу колдонулганын эскертебиз.

Мырза Мухаммед Хайдар болсо өз эмгегинде Мухаммед кыргыздын башында башка ысым алып жүрүшү тууралуу эч кандай  күмөндүү же күдүк ойлорго жол бербейт. Автор аны ошол кездеги бийлик башында турган эмир, улус беги ж. б. эмес, эр жүрөк жоокер, «эл ичинен чыккан» таланттуу аскер (кол) башчы[23] катары сүрөттөп, алгач 1514-

---

[16] Мис., Тоголок Молдо. Тарых, түпкү аталар. /Кыргыздар. Б., 1991. 21-б.; Алымбектин санжырасы. Б., 2007. 6-б; Бөөмбаев Насириндин санжырасы. Б., 2011. 39-б.
[17] Солтоноев Б. Көрсөтүлгөн эмгек. 87-б.
**[18]** Валиханов Ч. Ч.Собр. Соч. В 5-и т. Т. 2. С. 367; Русско-кыргызский словарь. Под ред. К.К. Юдахина. Б., 2000. С. 211.
[19] Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхый булактары. Б., 2002. 334-б.
[20] Хасанов А. Избранные труды. Очерки поистории Киргизии. Б.-М., 2004. С. 77.
[21] www.bizdin.kg/dict/d-2/word/**үйлүү**
[22] Моисеев В. А. Джунгарское ханство и казахи XVII-XVIII вв. А.-А., 1991. С.209.
[23] Бартольд В. В. Соч. Т. 2. Ч. 1. М., 1963. С. 513.

жылдагы окуяларга байланыштуу эскерет[24]. Анда Султан Сайид хан Кашкардын тагына 920-ж. ражаб айында (1514-жылдын май-июну) отурса, кийинки жылы Мухаммед кыргыз мусулмандар жашаган Түркстан менен Сайрамды чаап, талап-тоноо уюштурган. Натыйжада «ислам динин ыйык туткан» Султан Сайид хан Мухаммед кыргызды «ислам адамдарына каршы жасаган мамилесин» шылтоолоп, туткунга алган[25]. Мындай жагдайлар эске алынбагандыктан Ө. Осмонов өз эмгегинде «Моголстан ички ырк кетүүдөн жана тышкы душмандардын кесепетинен ыдырай» баштаганда, Мухаммед кыргыз урууларынын башын бириктиргени, ал санжырада Тагай бий деп айтылып, 1508-ж. ал ак кийизге салынып, хан көтөрүлгөнү баса белгиленет[26]. Өкүнүчтүүсү мындай маалыматтар кайсыл тарыхый булактан алынганы көрсөтүлбөйт.

«Тарих-и Рашиди» негизинен дуулаттардын тарыхын камтып, автор Чыңгыз хандын тушундагы түпкү атасы Ордобийден өзүнүн тушуна чейинки окуяларды баяндайт. Чыңгыз хан уулдарына энчи бөлгөндө дулаттар Чагатайдын кол алдында калып, кийинчерээк Кашкар, Котонду камтыган аймактар («Манглай Субе») дуулаттардын үлүшүнө тийген[27]. Алардын тарыхы – хандын тактысынан четте калбоо үчүн топ-топко бөлүнүп, бир-бири менен күрөшкөн кландардын тарыхы. Бул күрөштө Мырза Хайдардын алтынчы атасы – Болатшинин эмгеги өзгөчө белгиленет. Ал Тоглук Тимурди таап келип, өз колу менен такка отургузушу менен Орто Азиядагы могол хандарынын тарыхы башталат. Тарых кыйыр түрдө Султан Саййид хандын уулу Абд-ар-Рашид I ханга арналган. Моголстандагы бийлик үчүн күрөш ушул Рашид хандын атасы Султан Саййид хандын тушунда өзгөчө күч алат. Бир жагынан дуулаттар менен барластар жаат-жаат болсо, моголдордун кызыкчылыгын коргогондор өзүнчө топко бөлүнүп, бул чоң топтордун ичинен өз кызыкчылыгын көздөшкөн майда топтор чыккан. Аягында Рашиддин такка отурушунан баштап, канча кылымдар бою тынымсыз күрөш менен тактын жанында күн көрүп келе жаткан дуулаттар катуу куугунтукталып, көбүнүн башы алынат. Тирүү калгандар жана автордун өзү дагы башка тарапка баш калкалоого аргасыз болот. Болбосо, Султан Саййид хандын тушунда аскер башы ж. б. маанилүү орундарды ээлеп жүргөн «Тарих-и Рашидинин» автору Мухаммед Хайдар сыяктуу даражалуу адамдын куугунтукталышына кандайдыр бир чоң себеп болушу мүмкүн. Бир кезде ал Рашид хандын өзүн да тарбиялоого үлгүргөн. Ошондуктан бул – Кашкардын бийлигинен куугунтукталган адамдын жаңы хандын алдында актануу иретинде жазылган эмгеги. З. Бабур өз китебинде «алтын, күмүш, коргошун; кандай баалуу болбосун, өз тегине кетпейби» деп, Мухаммед Хайдардын кийин оң жолго түшкөнүн эскертет[28]. Тилекке каршы эки автор тең ал себептерди аташпайт. Ушул себептер ачылса баары орду-ордуна келмек.

Бирок, бул маселенин үстү гана жагы экенин эскертебиз. Анткени объективдүү жана субъективдүү себептерге ылайык Мырза Мухаммед Хайдардын аталган эмгегинде кыргыздар жөнүндө маалыматтардын абдан жетишсиздиги, анын үстүнө автордун жеке пикирине ылайык бир тараптуу мамиле жасалганы белгилүү болгону менен алиге чейин кыргыз окумуштуулары эмгекке кеңири анализ жүргүзүп, жазма булактардагы башка маалыматтарга салыштырып карап, айрым географиялык объекттерди чечмелеп чыгууну колго алыша элек. Мисалы, аталган эмгекте бир нече жолу «Моголстандын батышында узундугу бир айлык жолго барабар Джуд (Джу)» деген аймак (округ) жана анда жайгашкан Козу-Башы, Минара сыяктуу ж. б. географиялык аталуулар кезигет[29].

---

[24] Мухаммед Хайдар Дулати. Тарих-и Рашиди. Перевод с персидского. Таш., 1996. С. 214. Комм. 142.
[25] Мухаммед Хайдар Дулати. Көрсөтүлгөн эмгек. С. 214.
[26] Осмонов Ө. Ж. Кыргызстан тарыхы. Маалыматнаама. Б., 2003. 44-б.
[27] Мирза Мухаммад Хайдар. Тарих-и Рашиди. Таш., 1996. Т. 2. С. 340.
[28] Захир ад-Дин Мухаммед Бабыр. Бабырнама. А., 1993. 31-б.; Бартольд В. В. Рецензия на книгу: The Tarikh-i-Rashidi of Mirza Muhammad Haidar (1895). /Соч. Т. VIII. С. 67.
[29] Мирза Мухаммад Хайдар. Көрсөтүлгөн эмгек. Т. 1. С. 107. комм. 14; Т. 2. С. 351. комм. 18, С. 460. комм.31.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

Котормочулар уйкаштыгына карап Джудду (Джу) – Чүй (Чу) түшүндүрүшөт[30]. Бул жерде Чүй өрөөнүнүн аймагы бир айлык жолго барабар болушу окумуштуулардын эч кимисин күмөн санаткан эмес. Иш жүзүндө «Козу-Башы» (каз. «Козыбасы») деген аталуу азыркы Алматы облусунун Жамбыл районуна караштуу Дегерес айылынын чыгышы, Таргап айылынын түштүгү, Сокур-Булак – Жиренайгыр сууларынын жээгиндеги бөксө тоолорго тиешелүү[31]. Ал Чүй өрөөнү эмес, Иле дарыясынын алабында жайгашкан. Эмгекте сөз Иле-Чүй-Талас өрөөндөрүн жана Туран ойдуңунун чыгышын (Сыр-Дарыянын оң жээги) камтыган чоң аймак жөнүндө жүрүп жатканы көрүнүп турат. Ага анча маани берилбегендиктен, «Джуддагы» «Козу-Башы» деген жер Чүйгө жайгаштырылып, аны Эсен-Бука хан Жаныбек менен Керей хандарга берип салган деген тыянак жаралган[32].

Анча маани берилбей келе жаткан экинчи бир маселе – хандын ордосунда жооптуу кызматтарды аткарып, мамлекеттик иштерге тынымсыз катышып жүргөн айрым эмирлердин саясий ишмердүүлүгү изилдөөдөн четте калышы. Ошондой адамдардын бири – Мырза Али Тагай. Ал 1533-жылга чейин Султан Саид хандын, кийин Абд ар-Рашид хандын эң ишенимдүү адамы, жакын кеңешчиси катары кызмат кылганы эскерилет. Ал эмес хижранын 928-ж. (1521/22) аны Султан Саид хан аны Моголстандын улусбеги кылып дайындаган[33]. «Тарих-и Рашидинин» автору аны дуулат (дуглат, доглат) уруусунан экенин белгилеп[34], бирок Рашид хан тарабынан дуулаттардын куугунтукталышына жана автордун аталаш агасы Саид Мухаммед мырзанын башы алынышына себепчи катары Мырза Али Тагайды көрсөтүп[35], аны «куйту», «шайтанга да кызмат кылууга даяр», (орусча – «ангел смерти», «шейх дьяволов» ж. б.) адам деп сүрөттөйт[36]. Башкача айтканда ал ар дайым дуулаттар менен каршылашып, кыргыздардын таламын коргогон эмирлердин бири катары мүнөздөлөт. Муну хандын бир тууган иниси Султан Халилдин баласы – Баба султанды Моголстан менен кыргыздарга хан кылууга сунуш кылгандагы окуяга аралаш тушүнүүгө болот. Бул сунушка Саййид Мухаммед мырза (автордун атасынын иниси) катуу каршы болуп, ал ишке хандын өз уулу Абд-ар-Рашидди ылайыктап «...моголдордун Моголстанга сүйүүсү чексиз. Андыктан, Моголстанды Баба султанга берсек, ошол замат бардык моголдор токтоосуз Моголстанга кеткиси келет. Алардын кетишине тыюу салсак – анда Баба султан таарынып калат, аларга тоскоол кыла албасаңыз, анда элдин Моголстанга кетиши Сиздин шагыңызды сындырат. Натыйжада, ортоңордо таарынычтар башталып, артынан араздыктар пайда болот. Тескерисинче, Сиз, Рашид султанды жиберсеңиз – ал өз уулуңуз, демек, анын артынан канча киши кетсе да Сизге жаман болбойт. Эгер жаман болсо, Сиз аларга тыюу салып саласыз, ага деле жаман болбойт. Албетте, Рашид султан али жаш, бирок бул иштин пайдалуу жагын эске алсак, Моголстанга анын барганы оң» десе, Мырза Али Тагай толук бойдон Баба ханды колдогон көпчүлүк эмирлерге кошулган[37]. Бул фактыларды Мырза Али Тагай башында турган эмирлердин кыргыздарды өзүнчө бөлүүгө жасалган аракети катары кароого болот. Анткени, бир аз мурун Махмуд хан тарабынан куугунтукталып жүргөндө кыргыздар Султан Саййид хандын иниси Султан Халилди хан деп таанып, Орто Азиядагы Махмуд, Шахрук хандар катышкан так талашуу согушуна анча аралашпай, өз бетинче болуп калышкан. Мындай абал Султан Саййид хандын кыргыздарга келип, бир нече жыл баш калкалоого аргасыз болгонго чейин созулат. Ошондуктан, бул аймакка Баба султан келсе, алардын кайрадан бөлүнүп кетишине себеп болорун жакшы түшүнгөн Саййид Мухаммед мындай шартка жолтоо болууга аракет жасап жатат. Рашид султанды колдогон Саййид Мухаммед

---

[30] Бартольд. В. В. Рецензия на книгу: The Tarikh-i-Rashidi of Mirza Muhammad Haidar (1895). С. 71; Прошлое Казахстана в источниках и материалах. Сб. I. А., 1935. С. 93, 265.
[31] http://www.marshruty.ru/Maps/Maps.aspx?x=83.73046875000003&y=39.872238306447414&z=5&t=3
[32] Мирза Мухаммад Хайдар. Көрсөтүлгөн эмгек. Т. 1. С. 107. комм. 14.
[33] Мирза Мухаммад Хайдар. Көрсөтүлгөн эмгек. Т. 2. С. 464.
[34] Мирза Мухаммад Хайдар. Көрсөтүлгөн эмгек. Т. 2. С. 379.
[35] Мирза Мухаммад Хайдар. Көрсөтүлгөн эмгек. Т. 2. С. 564-565.
[36] Мирза Мухаммад Хайдар. Көрсөтүлгөн эмгек. Т. 2. С. 379, 492-493, 546-547, 562.
[37] Мирза Мухаммад Хайдар. Көрсөтүлгөн эмгек. Т. 1. С. 175.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

тарабындагылар азчылыкты түзүп калышкан. Баба султанды колдоочулардын бири – Кожо Али бахадур өлгөндөн кийин гана Саййид Мухаммеддин сунушу кабыл алынып, 928 (1521-1522)-ж. он үч жашар Рашид султан кыргыздарга жөнөтүлүп, ага Мырза Али Тагай менен Мухаммед кыргызды кошуп, биринчисине эмирлик наам берсе, экинчисине кыргыздарды башкарууга укук берет[38]. Автордун экинчи китебинде Мырза Али Тагайга «улус беги» деген наам берилип, Мухаммед кыргыз кыргыздарга эмир болуп жөнөтүлөт[39]. Кандай болгон күндө да, жашы жете электиигне байланыштуу – Рашид султан дагы, Мухаммед кыргыз дагы Мырза Али Тагайдын кол алдында жөнөтүлүп жатат. Мухаммед Хайдар дагы «улус» деп, мамлекетти айтса, анда бул жерде Мырза Али Тагайдын даражасы ханга тете болуп калат. Маселенин бул жагы өтө маанилүү. Анткени, XV кылымдын экинчи жарымында кыргыз элинин баш кошуусу аяктап, Тянь-Шанда кеңири «кыргыз-моңгол мамлекети (улусу) пайда болгон»[40]. Санжыралар боюнча да кыргыз элинин кайрадан баш кошуусу «Мухаммед» атанган кыргыз эмес, Тагай бийге тийиштүү. Мисалы, манасчы Балыкооздун санжырасы дагы; «Адигине, Тагай баш болуп. 30 уул чыгып, кыргыз биригип, ичкилик болуп, Анжиянды алып, Эрешени хан кылып, оң-солго бөлүнүп, мурунку жолду улап, бир хандык болгон жеринен» башталат[41]. Рашид султан келгенден кийин Мухаммед кыргыз толугу менен Моголстанды ага баш ийдирет. Көп өтпөй кыргыздардын жарымы Тахир ханды колдоп кетерин көргөн Рашид султан кайра кайтып кетет. Бул кезде ханды тарбиялашкан барлас уругундагы атабектердин ажалы жетишинен улам, аны тарбиялоо китепти жазган авторго тапшырылган [42].

Келтирилген фактылар Мырза Али Тагайдын кыргыз тарыхындагы орду орчундуу экенин айгинелейт. Ошондуктан кыргыздардын таламын талашып, алардын кызыкчылыгын коргогон саясий ишмерлер кыргыз тарыхчыларынын изилдөөсүнөн сыртта калбоого тийиш. Муну менен кошо аталган эмгектеги Мырза Али Тагай жана санжырадагы Долон бийдин небереси, Акуулдун уулу Тагайды сөзсүз эле бир киши деп таануулоо туура эмес. Анткени, «Тарих-и Рашидиде» Мухаммед кыргыз сыяктуу эле кыргыз санжыраларында эч кезикпеген Мырза Али Тагайдын агасы же иниси, болбосо тууганы (орусчасы – брат) эмир Кутлук Мирак мырза аттуу адам эскерилет[43]. Ал Султан Саййид ханды колдоочулардын бири болгон. Мүмкүн ал Мырза Али Тагайдын аталаш туугандары болушу ыктымал. Оозеки санжыраларда Тагайдын эркектен Адигине, Муңгуш (Моңгош, Моңгуш) деген бир туугандары болгону айтылат[44]. Анын үстүнө «Тарих-и Рашидиде» котормочулар тарабынан дагы кетирилген каталар көп кезигет. Мисалы, котормочулар автордун аталаш агасы Саййид Мухаммед мырзаны Мырза Мухаммед Хайдарга карата «тайкеси» (орусча – дядя) деп которушкан[45]. «Дядя» деген сөз түз кайрылганда гана «байке», «ага», «аке» катары колдонулса, калган бардык учурунда «тайке» деген маани берет[46]. Мындай маселелерди ар тараптуу изилдөө зарыл.

Бирок автор Мырза Али Тагайдын дуулаттарга каршы болушунун анык себебин чечмелебейт, ошол эле учурда автор аны өзүнүн ата-тегине таандык дуулаттарга да кошпойт. Окуялардын ушул жагын эске алсак, анда автор Мырза Али Тагайды дуулат деп, жаңылып жаткандай сезилет. Дуулаттар (дуглат) жөнүндө В. Бартольддо дагы бир кызык эскерүү бар. Анда ал, Рашид ад-Дин менен Абулгазинин эмгектерине анализ жасап, Рашид ад-диндеги дуулаттардын түпкү атасы Буданжар Дукланды мисал кылып, «дуглат» же, «дуклат» деген сөз башында «доголан» деген моңгол сөзү – так которгондо «аксак» дегенди түшүндүрүп, көпчүлүк мааниде «доголат» болуп өзгөрүлөт, бирок, бул аталуунун

---

[38] Мирза Мухаммад Хайдар. Көрсөтүлгөн эмгек. Т. 1. С. 175; Т. 2. С. 567.
[39] Мирза Мухаммад Хайдар. Көрсөтүлгөн эмгек. Т. 2. С. 464.
[40] Абрамзон С. М. Кыргыз жана Кыргызстандын тарыхы боюнча тандалма эмгектер. Б., 1999. 287-б.
[41] Алымбектин санжырасы. Б., 2007.
[42] Мирза Мухаммад Хайдар. Көрсөтүлгөн эмгек. Т. 2. С. 477.
[43] Мирза Мухаммад Хайдар. Көрсөтүлгөн эмгек. Т. 2. С. 320, 325, 379.
[44] Солтоноев Б. Көрсөтүлгөн эмгек. 86-б.
[45] Мирза Мухаммад Хайдар. Көрсөтүлгөн эмгек. Т. 1. С. 86.
[46] Русско-кыргызский словарь. Под ред. К.И. Юдахина. Б., 2000. С. 182.

азыркы Орто Азиядагы дуулаттарга тиешеси жок дейт[47]. Анда Мырза Мухаммед Хайдар Мырза Али Тагайдын уруусу эмес, санжырадагы Долондун (же Доголандын) тукумунун бири дегиси келип, эреже боюнча «доголат» деп жазып салса (доголат менен дуглаттын эч айырмасы жок), алиге биз анын жазганын уруу катары карап жүрүшүбүз да мүмкүн.

Тагай бий менен Мухаммед кыргыздын маселесин ушул окуяларга ылайыктап карай турган болсок, анда мындан жогорудагы Мухаммед кыргыздын мурун Тагай бий болушу мүмкүн эместигинен да башка бир нече тыянак чыгат: а) Мырза Али Тагайдын – китептин автору, Мухаммед Хайдардын уругу болгон дуулаттарга каршы турушу; б) бийликке жакын турган дуулат, барлас, моголдор эмес, кыргыздардын таламын коргошу; в) Мырза Али Тагай кыргыздарга эмир, Мухаммед кыргыз кол башы гана болушу; г) оозеки санжыраларда кыргыздардын Тагай бийдин айланасына чогулушу; д) 1533-ж. 9-июлда Султан Саййид хан капысынан көз жуумп, бийликке Рашид хандын келиши менен биринчилерден болуп анын башкы кеңешчиси Саййид Мухаммед мырзанын башы кесилип[48], кыргыздарга тиешелүү маселелер Мухаммед кыргызга, ал эми ордодогу бийлик толугу менен Мырза Али Тагайдын колуна өтүшү.

Мындай далилдерге таянып, жогоруда С. М. Абрамзон көрсөткөндөй бул мезгилде кыргыз элинин баш кошуусу аяктоонун алдында турган деп жыйынтык чыгарууга болот. Анын ичинен Мырза Мухаммед Хайдардын чыгармасындагы Мырза Али Тагайдын орду кандай баага татыйт деген суроого азыркы окумуштуу-изилдөөчүлөрдүн эч бири жооп бере албайт. Эмгектин экинчи бир жеринде Рашид хан Мырза Мухаммед Хайдарга кыйытып, эгер Султан Саид хандын Тибеттеги колу Жаркентке кайтпай турган болсо алардын мал-мүлкү кыргыздарга таратып берилерин эскертет[49]. Мырза Мухаммед Хайдардын аталган эмгегин жазууга ушундай себептер таасир берген.

Демек мындан, кошумча маалыматтарсыз, ошондой эле этиштин максат-ниет ыңгайларын колдонуу аркылуу Б. Солтоноевдин «балким», «чыгаар», «болуу керек» деген божомолдорун илимий факты катары баалоо мүмкүн эмес деген тыянак чыгат. Башкача айтканда, мындай жол менен ушул сыяктуу маселелерге чекит коюу – илимий түшүнүктөгү «...бардык тарыхый фактыларды, кубулуштарды жана окуяларды конкреттүү тарыхый абалга ылайык, өз ара байланышта кароону талап» кылган жана ал «принципти» ишке ашыра турган «тарыхчынын теориялык көз карашы, ыкмасынын маданияты, адистик чеберчилиги, чынчылдыгына» байланышкан тарыхыйлык (историзм) принцибин[50] бузууга чындап жол ачылат. Мындай жолго түшсөк кийинки жаш окумуштуулар илимий изилдөөнүн методологиясын четке кагып, ар ким өзү каалагандай тарых жазууга киришет. Анын аягы кандай натыйжага алып келе турганы баарыбызга түшүнүктүү болушу керек.

[47] Бартольд В. В. Дуглат. /Соч. Т. V. С. 529.
[48] Мирза Мухаммад Хайдар. Көрсөтүлгөн эмгек. Т. 2. С. 564-565.
[49] Мирза Мухаммад Хайдар. Көрсөтүлгөн эмгек. Т. 2. С. 574.
[50] Осмонов Ө. Ж. Кыргызстан тарыхы. Маалыматнаама. Б., 2003. 11-б.